**Таиров Хайриддин Рахманалиевич 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн берилген «Кадамжай районунун тарыхы» темасындагы кандидаттык диссертациясынына расмий оппонент, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Рыскулов Токтобек Мамбетовичтин**

# ПИКИРИ

1. **Диссертациялык иштин актуалдуулугу.**

Бүгүнкү күндө аймак таануу багытындагы илимий иштин маанилүүлүгү түздөн-түз Кыргыз Республикасынын өнүгүү тарыхы менен байланышта. Өлкөнүн стратегиялык өнүгүү багытын аныктоодо аймактардын өнүгүүсүнө да чоң маани берилүүдө. Совет доорундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги тарыхы менен тыгыз байланышта болгон өнөр жайы өнүккөн район катары изилдөөнүн акуталдуулугу экендигинде талаш жок.

2. **Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий практикалык жыйынтыктырды чыгарган:

**1-жыйынтык.** Изденүүчү райондун админстративдик, социалдык экономикалык өнүгүүсүн өз алдынча анализдеп, илимий эмгектерди жана маалыматтарды, архивдик документтерди изилдөө аркылуу теманын актуалдуулугун, илимий жаңычылдыгын, практикалык маанисин көргөзө алган. Изилдөөнүн хронологиялык алкагы, талапкердин жеке автордук салымы белгиленген.

**2-жыйынтык.** Изденүүчү илимий маселенин тарыхнаамасын 3кө бөлүп караган: **биринчи**–Тарыхчы окумуштуулардын эмгектери, **экинчи**–окмуштуу, адис геологдордун эмгектери, **үчүнчү**–Мамлекеттик ишмерлердин жана башка кесиптегилердин эмгектери деп бөлүп районго



КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 04-8/70
«9» 12 2024ж.г.

арналган эмгектер чагылдырылып, аларга кыскача мүнөздөмө берген. Райондун социалдык–экономикалык түзүлүшүн иликтөө тарыхнаамасы булактардын негизинде объективдүү баа берүү менен талдоого алынган.

**3-жыйынтык.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектиси, предмети менен бирге булактык базасын талдоого алып, изилдөөнүн илимий чөйрөсүнө кирген тарыхый булактар маалыматты сактоо, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрү жана каныктыруу өзгөчөлүктөрү боюнча төрт топко бөлгөн. Кадамжай районун изилдөө үчүн жетиштүү методологиялык жана булактык базаны илимий айлампага киргизүүдө изденүүчү тарабынан изилдөө ыкмалары туура колдонулган.

**4-жыйынтык.** Райондун чарбалык турмушундагы өзгөрүүлөр, акча–товар мамилеринин пайда болушу, өнөр–жайдын өнүгүү процесстерине талдоо жүргүзүлөт. Өлкөдөгү колхоздоштуруу саясатынын натыйжасында жер иштетүүчүлүк, мал чарбачылык тармагында өзгөрүүлөр орун ала баштаган. Өнөр жай менен бирге райондо чарбачылык тиби сакталып кала берген деп туура талдаган.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**1-жыйынтык.** Кадамжай району менен коңушулаш Өзбекстандын Вуадиль районунун ортосундагы чек араларын тактоо маселеси, бүгүнкү күнгө чейин уланып, 2023-жылы Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек араны тактоо боюнча түзүлгөн келишимдин негизинде Кадамжай районуна бир айыл 241га жери жана 1300дөй кишиси менен районго өткөндүгү белгилеген.

**2-жыйынтык**. Кадамжай районунун түптөлүшү, калыптанышы, өнүгүшү, админстративдик–аймактык бөлүнүшү, өз алдынча район болуп түзүлүшү мезгил талабы жана туура чечим болгон.

**3-жыйынтык.** Кадамжай районундагы стратегиялык кен байлыктар сурма менен сымап, аны өндүрүү СССРдин сурмага жана сымапка болгон муктаждыгын камсыз кылган.

Кадамжайдагы сымаптын дүйнөлүк запастын бештен бир бөлүгүн түзгөндүгү, 1995-жылы, Брюссельдеги көргөзмөдө бүткүл дүйнөлүк эталонго айланган. Кадамжайдын сурмасы, сымабы дүйнөнүн 40 ашык өлкөсүнө экспортолуп, өлкөгө чоң киреше алып келип турган.

**4-жыйынтык**. Райондун чарбалык турмушундагы өзгөрүүлөр колхоздоштуруу саясатынын натыйжасында калыптана баштаган. Өлкөдөгү административтик реформалар чарбадагы жаңы багыттардын пайда болушуна алып келген.

**5-жыйынтык**. Кадамжай району Кеңеш доорунда экономикасы өнүккөн өзгөчө, тамеки, пахта, картошка, жашылча, мөмө-жемиш өндүрүүдө жакшы ийгиликтерди жараткан.

**6-жыйынтык** Район эгемендүүлүк жылдарында рынок экономикасы тез өсүп, ишкердикти өнүктүрүп, өзгөчө райондо кайрак жерлерди сугатка айландыруу жаатында алгылыктуу иштери мактоого татыктуу.

**7-жыйынтык.** Райондо нефть, газ, көмүр өндүрүү ишке ашып жатат. Нефтини кайра иштетүүчү завод, Бел–Алмадагы көмүр кени өлкөнүн муктаждыгын камсыз кылууда.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү.**

Таиров Хайриддин Рахманалиевич диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык

иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Диссертация Совет доорундагы жана эгемендүүлүк доордогу райондун социалдык түзүлүшүн аныктоодо, ага илимий баа берүүдө изилдөөдө алынган жыйынтыктары негизде чөлкөм таануу багытындагы изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, илимий, окуу-усулдук, край таануу багытындагы китептери даярдоодо пайдалануу менен студенттерге, мектеп окуучуларына өлкөнүн аймактарын таануу, музей уюштурууга, тарыхый документалдык кино филимьдерди тартууга, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы дарстарды окууда колдонууга сунушталат.

Кадамжай Айдаркен кендерин иштетүүдө алдынкы уюштурууучулук, инжинердик-техникалык жетишкендиктери чыгарылган продукциянын дүйнөлүк эталонго айландыруудагы иш тажырыйбаларды өндүрүштө пайдалануу.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгу Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда жарыяланган 9 илимий макалада чагылдырылган.

**6. Автореферраттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Автореферат диссертациянын негизги мазмунун толугу менен кыскача камтыйт. Анын басылмасы КР УАКтын талаптарына ылайык даярдалып, кыргыз, орус, жана англис тилинде бирдей резюме берилген.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтери.** Диссертациянын артыкчылыктарын белгилеп, бир катар эскертүүлөрдү берүүгө болот.

1. Тарыхнаамалык анализде хронологиялык тартип сакталган эмес, мисалы баарынан мурда же Кадамжай районун кен байлыктары жөнүндөгү алгачкы так маалыматтар 1932-жылы май айында СССР Илимдер Академиясы, Коммуналдык Чарба Академиясы менен бирге Кыргызстанды изидөөнүн комплекстүү экспедициясы менен чогуу атайын отряд изилдөө, чалгындоо иштерин жүргүзгөн, 1932-жылдан баштоо керек эле.

2. Эмгекте райондун социалдык түзүлүшү толук каралган эмес, ошондой эле тарыхый инсандар жөнүндө маалыматтар жок.

3. Райондун жетекчилери, алар башкарган жылдар берилген эмес.

**8. КР УАКтын диссертацияларга коюлган талаптарга жооп бериши.** Таиров Хайриддин Рахманалиевич “Кадамжай районунун тарыхы” деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга сунуш кылынган КР УАКтын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобосунун талаптарына жооп берет. Таиров Хайриддин Рахманалиевич 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Расмий оппонент** 5. XII-2024г.

**тарых илимдеринин кандидаты, доцент** **Рыскулов. Т. М.**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«5» 12 2024 ж.